# Валюта рыногу

*(2015-жылдын февраль айы)*

**1-график. Накталай эмес АКШ долларыны коммерциялык банктарына таза агылып кирүүсү (агылып чыгуусу) (млн. АКШ доллары)**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде АКШ долларын бекемдөө боюнча жалпы дүйнөлүк тенденция америка валюта курсунун сомго карата өсүшүнүн фундаменталдуу себептеринин бири болуп сакталууда. Өткөн айга салыштырмалуу америка валютасынын алмашуу курсунун бир АКШ доллары үчүн 59,8100 сомдон 61,2914 сомго чейин жогорулашы байкалган. Рыноктун ири катышуучулары тарабынан валютага карата адаттагыдай жогорку суроо-талапка ылайык сунушту колдоого алуу негизинен акча каражаттарын нак акчага айландыруудан, акча которуулардан жана банктардын конвертациялык операцияларынан улам, жүзөгө ашырылган (1-график).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 36,1 млрд сом өлчөмүндө түптөлүп, 62,4 пайызга жогорулаган. Буга коммерциялык банктардын нак эмес операциялар сегментинде иш жигердүүлүгүнүн 2,4 эсе, 11,6 млрд сомго чейин жогорулашы себеп болгон. Мындан тышкары, алмашуу бюролорунун нак операциялар көлөмү 9,5 млрд сомго чейин (+55,0 пайыз), ал эми коммерциялык банктардын нак операциялар көлөмү 15,1 млрд сомго чейин жогорулаган (+34,4 пайыз).

Банктар аралык валюта тооруктарынын чогуу алгандагы жүгүртүүсү 158,5 млн АКШ долларына, өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,5 эсе жогорулаган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк чет өлкө валютасын 48,4 млн АКШ доллар (-20,0 пайыз) суммасына сатуу боюнча валюталык интервенцияларды жүргүзгөн.

**2-график. АКШ доллар курсунун динамикасы**




Улуттук банк кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктар менен СВОП-операцияларын жүргүзгөн эмес.

Валюталардын негизги түрлөрү боюнча бөлүштүргөндө операциялар көлөмүнүн ар багыттагы кыймылы байкалган. Мында, ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүндө валюталардын үлүштүк катышы төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн: долларда операциялардын салыштырма салмагы 1,5 пайыздык пунктка, 70,5 пайызга чейин; евродо – 0,8 п.п., 3,6 пайызга чейин; казак теңгесинде – 0,2 п.п., 7,2 пайызга чейин жогорулаган. Орус валютасында операциялар үлүшү ай ичинде 2,4 пайыздык пунктка, 18,7 пайызга чейин төмөндөгөн.

**3-график. Коммерциялык банктарда нак жана нак эмес АКШ долларынын курсунун динамикасы**



## 4-график. Алмашуу бюролорунда АКШ долларынын курсунун динамикасы




## 5-график. Алмашуу бюролорунда негизги валюталардын курстарынын жана дүйнөлүк рынокто АКШ долларынын курсунун өзгөрүү арымынын динамикасы




**1-таблица. Операциялардын түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | | Жалпы операциялардын көлөмү | Комм. банктардын накталай эмес операциялары | | Комм. банктардын накталай операциялары | | Алмаштыруу бюролордун накталай операциялары | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) |
| 2014 | 02 | 30 071,0 | 7 961,2 | 11,9 | 17 994,7 | 59,8 | 4 115,0 | 13,7 |
| | 03 | 45 081,1 | 8 512,6 | 26,5 | 21 763,0 | 48,3 | 14 805,5 | 32,8 |
| | 04 | 46 760,3 | 8 085,1 | 17,3 | 21 670,9 | 46,3 | 17 004,3 | 36,4 |
| | 05 | 47 882,3 | 6 522,9 | 13,6 | 23 511,3 | 49,1 | 17 848,1 | 37,3 |
| | 06 | 53 731,2 | 8 922,2 | 16,6 | 26 024,8 | 48,4 | 18 784,2 | 35,0 |
| | 07 | 52 421,0 | 10 187,8 | 19,4 | 26 195,6 | 50,0 | 16 037,6 | 30,6 |
| | 08 | 62 126,6 | 11 917,4 | 19,2 | 27 774,5 | 44,7 | 22 434,7 | 36,1 |
| | 09 | 57 719,9 | 8 348,9 | 14,5 | 27 483,5 | 47,6 | 21 887,5 | 37,9 |
| | 10 | 73 683,0 | 11 026,1 | 15,0 | 31 622,3 | 42,9 | 31 034,6 | 42,1 |
| | 11 | 48 907,3 | 8 735,4 | 17,9 | 22 393,5 | 45,8 | 17 778,5 | 36,4 |
| | 12 | 50 304,0 | 16 479,8 | 32,8 | 21 729,5 | 43,2 | 12 094,7 | 24,0 |
| 2015 | 01 | 22 246,6 | 4 889,3 | 22,0 | 11 257,6 | 50,6 | 6 099,8 | 27,4 |
| | 02 | 36 137,0 | 11 550,7 | 32,0 | 15 130,3 | 41,9 | 9 456,0 | 26,2 |

**2-таблица. Валюталар боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | | Жалпы операциялардын көлөмү | АКШ доллары | | Евро | | Орус рубли | | Казак теңгеси | | Жана башкалар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | көлөм | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш |
| 2014 | 02 | 30 071,0 | 21 360,4 | 71,0 | 811,7 | 2,7 | 6 903,4 | 23,0 | 986,6 | 3,3 | 8,8 | 0,0 |
| | 03 | 45 081,1 | 28 272,0 | 62,7 | 704,4 | 1,6 | 14 064,5 | 31,2 | 2 034,4 | 4,5 | 5,9 | 0,0 |
| | 04 | 46 760,3 | 28 744,6 | 61,5 | 837,9 | 1,8 | 15 243,2 | 32,6 | 1 925,7 | 4,1 | 8,9 | 0,0 |
| | 05 | 47 882,3 | 28 093,5 | 58,7 | 803,8 | 1,7 | 16 273,7 | 34,0 | 2 705,4 | 5,7 | 6,0 | 0,0 |
| | 06 | 53 731,2 | 31 970,2 | 59,5 | 856,9 | 1,6 | 17 628,7 | 32,8 | 3 264,5 | 6,1 | 10,9 | 0,0 |
| | 07 | 52 421,0 | 32 505,9 | 62,0 | 1 011,8 | 1,9 | 14 429,8 | 27,5 | 4 464,2 | 8,5 | 9,3 | 0,0 |
| | 08 | 62 126,6 | 38 361,8 | 61,8 | 1 095,9 | 1,8 | 16 294,3 | 26,2 | 6 367,5 | 10,3 | 7,2 | 0,0 |
| | 09 | 57 719,9 | 34 632,9 | 60,0 | 1 329,3 | 2,3 | 18 002,5 | 31,2 | 3 748,2 | 6,5 | 7,1 | 0,0 |
| | 10 | 73 683,0 | 45 153,6 | 61,3 | 1 178,8 | 1,6 | 22 223,8 | 30,2 | 5 121,8 | 7,0 | 4,9 | 0,0 |
| | 11 | 48 907,3 | 31 254,1 | 63,9 | 1 065,1 | 2,2 | 12 774,7 | 26,1 | 3 805,6 | 7,8 | 7,9 | 0,0 |
| | 12 | 50 304,0 | 35 732,3 | 71,0 | 2 086,2 | 4,2 | 7 606,4 | 15,1 | 4 869,5 | 9,7 | 9,6 | 0,0 |
| 2015 | 01 | 22 246,6 | 15 365,7 | 69,1 | 629,3 | 2,8 | 4 697,4 | 21,1 | 1 546,6 | 7,0 | 7,6 | 0,0 |
| | 02 | 36 137,0 | 25 492,6 | 70,5 | 1 292,0 | 3,6 | 6 760,8 | 18,7 | 2 582,1 | 7,2 | 9,5 | 0,0 |

**3-таблица. Четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | | Айдын акырына карата эсептик курс | | | | Бир ай ичинде эсептик курстун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2014 | 02 | 52,4359 | 71,6379 | 1,4545 | 0,2849 | 4,0% | 4,3% | 1,7% | -12,1% |
| | 03 | 54,4813 | 74,6884 | 1,3723 | 0,2993 | 3,9% | 4,3% | -5,7% | 5,1% |
| | 04 | 53,9615 | 74,8365 | 1,5116 | 0,2964 | -1,0% | 0,2% | 10,2% | -1,0% |
| | 05 | 52,2705 | 71,1872 | 1,5086 | 0,2849 | -3,1% | -4,9% | -0,2% | -3,9% |
| | 06 | 52,0649 | 70,9098 | 1,5481 | 0,2837 | -0,4% | -0,4% | 2,6% | -0,4% |
| | 07 | 51,7518 | 69,3526 | 1,4485 | 0,2820 | -0,6% | -2,2% | -6,4% | -0,6% |
| | 08 | 52,9561 | 69,8517 | 1,4339 | 0,2910 | 2,3% | 0,7% | -1,0% | 3,2% |
| | 09 | 54,5202 | 69,1125 | 1,3842 | 0,2997 | 3,0% | -1,1% | -3,5% | 3,0% |
| | 10 | 57,3484 | 72,1127 | 1,3216 | 0,3171 | 5,2% | 4,3% | -4,5% | 5,8% |
| | 11 | 57,5957 | 71,6433 | 1,1677 | 0,3184 | 0,4% | -0,7% | -11,6% | 0,4% |
| | 12 | 58,8865 | 71,6943 | 1,0467 | 0,3229 | 2,2% | 0,1% | -10,4% | 1,4% |
| 2015 | 01 | 59,8100 | 67,8395 | 0,8677 | 0,3243 | 1,6% | -5,4% | -17,1% | 0,4% |
| | 02 | 61,2914 | 68,7414 | 1,0003 | 0,3312 | 2,5% | 1,3% | 15,3% | 2,1% |

**4-таблица. Алмашуу бюролорунда четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | | Бир ай ичиндеги орточо маржа | | | | Валюталарды сатуу курсунун орточо чиеленишкен четтөөсү | | | | Бир ай ичинде валюталарды сатуу курсунун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2014 | 02 | 0,4% | 0,6% | 0,6% | 2,3% | 0,3% | 0,3% | 0,3% | 0,4% | 8,0% | 8,5% | 4,2% | -9,5% |
| | 03 | 0,2% | 0,6% | 0,2% | 0,7% | 0,1% | 0,4% | 0,3% | 0,3% | 0,1% | 1,1% | 1,9% | 1,9% |
| | 04 | 0,1% | 0,4% | 0,1% | 0,4% | 0,0% | 0,2% | 0,4% | 0,1% | -1,2% | -0,5% | -1,3% | -1,1% |
| | 05 | 0,1% | 0,6% | 0,2% | 0,4% | 0,2% | 0,3% | 0,4% | 0,3% | -3,2% | -4,9% | -0,2% | -4,3% |
| | 06 | 0,1% | 0,5% | 0,1% | 0,4% | 0,2% | 0,2% | 0,3% | 0,3% | -0,2% | -0,3% | 2,6% | 0,0% |
| | 07 | 0,1% | 0,5% | 0,3% | 0,2% | 0,1% | 0,1% | 0,4% | 0,1% | -0,6% | -2,6% | -5,4% | -0,5% |
| | 08 | 0,1% | 0,5% | 0,2% | 0,2% | 0,1% | 0,1% | 0,3% | 0,2% | 2,4% | 0,8% | -1,5% | 2,5% |
| | 09 | 0,1% | 0,4% | 0,2% | 0,1% | 0,1% | 0,1% | 0,4% | 0,3% | 2,7% | -0,5% | -3,8% | 3,3% |
| | 10 | 0,1% | 0,5% | 0,1% | 0,3% | 0,2% | 0,2% | 0,4% | 0,4% | 5,9% | 4,4% | -1,4% | 6,4% |
| | 11 | 0,1% | 0,6% | 0,2% | 0,3% | 0,1% | 0,2% | 0,8% | 0,2% | 0,1% | -1,2% | -13,4% | 0,1% |
| | 12 | 0,2% | 0,5% | 1,5% | 0,3% | 0,1% | 0,2% | 1,5% | 0,3% | 2,8% | -0,8% | -13,8% | 0,8% |
| 2015 | 01 | 0,2% | 0,8% | 1,2% | 0,2% | 0,1% | 0,4% | 0,6% | 0,2% | 2,0% | -4,0% | -12,8% | 1,8% |
| | 02 | 0,2% | 0,5% | 0,5% | 0,3% | 0,1% | 0,2% | 0,9% | 0,1% | 1,5% | 0,6% | 13,2% | 1,4% |